# Жашыя



Published by the Comic Bible Society, LLC
Copyright © 2021

Kingstone Comics maintains copyright to this comic book as provided by United States copyright law.

Print and digital copies of this version may be freely distributed without penalty under a Creative Commons license.


ЫСРАЙЫЛДА ТЕҢИР ЖҮЗМӨ-ЖҮЗ СҮЙЛӨШКӨН МУСАДАЙ ПАЙГАМБАР МЫНДАН АРЫ БОЛГОН ЖОК....


БИРОК КУДАЙ ӨЗ ЭЛИН УБАДАЛАНГАН ЖЕРГЕ АЛЫП КЕЛҮҮ ҮЧҮН БАШКА БИР ЛИДЕРДИ ДАЯРДАДЫ.
АНЫН АТЫ ЖАШЫЯ ЭЛЕ. АЛ АКЫЛМАНДЫКТЫН РУХУНА ТОЛУП, ЧӨЛДӨ МУСА СЫМАЛ ЭЛГЕ КЫЗМАТ КЫЛГАН.


ТЕҢИР ЖАШЫЯГА БУЙРУК БЕРДИ...
МЕНИН КУЛУМ МУСА КӨЗ ЖУМДУ.
ЭМИ СЕН ТУР, МЕН ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫНА БЕРИП ЖАТКАН ЖЕРГЕ ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫ МЕНЕН БИРГЕ МЫНА БУЛ ИОРДАН АРКЫЛУУ ӨТ.
МУСАГА АЙТКАНЫМДАЙ, БУТУҢАР БАСКАН ЖЕРДИН БААРЫН МЕН СИЛЕРГЕ БЕРЕМ.
СИЛЕРГЕ КАРШЫ ЭЧ КИМ ЧЫКПАЙТ.
МЕН МУСА МЕНЕН КАНДАЙ БОЛСОМ, СЕНИ МЕНЕН ДА ОШОНДОЙ БОЛОМ.
ОШОНДО СЕН ӨЗ ЖОЛДОРУҢДА ИЙГИЛИККЕ ЖЕТИШЕСИҢ.
ОШОНДО СЕН ӨЗ ЖОЛДОРУҢДА ИЙГИЛИККЕ ЖЕТИШЕСИҢ.


ЖАШЫЯНЫН БУЙРУГУ БОЮНЧА ЭЛ БАШЧЫЛАРЫ ЭЛДИ КӨЧКӨНГӨ ДАЯРДАП ЖАТЫШТЫ. ТЕҢИР ӨЗ ЭЛИН ИОРДАН АРКЫЛУУ АЛЫП ӨТҮП, УБАДАЛАНГАН ЖЕРГЕ КИРҮҮГӨ ДАЯРДАП ЖАТКАН ЭЛЕ.
ЭКИ ЖАРЫМ УУРУ МУРАС КАТАРЫ ИОРДАНДЫН ЧЫГЫШ ТАРАБЫНДАГЫ ЖЕРДИ БӨЛҮП АЛЫШТЫ.
ЖАШЫЯ КУДАЙДЫН АЙТКАНДАРЫН АЛАРГА ЭСКЕРИП ӨТТҮ.
КУДАЙ-ТЕҢИРИҢЕР БЕРГЕН ЖЕРДИ АЛАР МУРАС КЫЛЫП АЛЫШМАЙЫНЧА, БИР ТУУГАНДАРЫҢАРГА ЖАРДАМДАШКЫЛА.
БИЗГЕ ЭМНЕ БУЙРУСАҢ, ОШОНУН БАРДЫГЫН ЖАСАЙБЫЗ, КАЙДА ЖИБЕРСЕҢ, БАРАБЫЗ.
БИЗ МУСАНЫ КАНДАЙ УКСАК, СЕНИ ДА ОШОНДОЙ УГАБЫЗ.
КУДАЙ-ТЕҢИРИҢ МУСА МЕНЕН БОЛГОНДОЙ, СЕНИ МЕНЕН ДА БОЛСУН.


СИЛЕР ЖЕРИХОНУ ЧАЛГЫНДАП, КӨРҮП КЕЛИШИҢЕР КЕРЕК…
…ЖЕРИ КАНДАЙ ЭКЕНИН, АСКЕРЛЕР ТАЗА СУУНУ КАЙДАН АЛСА БОЛОРУН БИЛИП КЕЛГИЛЕ.
ЖЕРИХОНУ ЧАЛГЫНДАП ЖАТЫП, АЛАР ШААРДАН ОҢОЙ ЧЫГЫП КЕТЧҮДӨЙ ЧЕТТЕ ЖАЙГАШКАН ҮЙ ИЗДЕП ЖАТЫШТЫ.
БИР КҮНҮ ЧАЛГЫНЧЫЛАР БАШКАЛАРГА БАЙКАЛБАЙ ТУРГАН БУЗУКУ АЯЛДЫН ҮЙҮН ТАБЫШТЫ.
ҮЙ ЭЭСИ РАХАП БУЛ КИШИЛЕРДИН ЫСРАЙЫЛДЫКТАР ЭКЕНИН БИЛЧҮ.
РАХАП ЖАНА ШААР ТУРГУНДАРЫ ЫСРАЙЫЛ ЭЛИ ҮЧҮН ЖАСАГАН КУДАЙДЫН УЛУУ ИШТЕРИНЕН КАБАРДАР ЭЛЕ.
АРТЫМАН ЭЭРЧИГИЛЕ.
ҮЙДҮН ЧАТЫРЫНДАГЫ БУТАКТАРДЫН АСТЫНДА ЖАШЫНЫП ТУРГУЛА.
КИРГЕНИҢЕРДИ ЭЧ КИМ КӨРБӨСӨ ЭЛЕ, СИЛЕРДИ ЭЧ КИМ ТАБА АЛБАЙТ.



БИРОК КЕЧ БОЛУП КАЛГАН ЭЛЕ...
РАХАПТЫН ҮЙҮНӨ БАРГЫЛА! БИЗДИН ШААРДА ЫСРАЙЫЛДЫКТАР ЧАЛГЫНДА ЖҮРӨТ ДЕГЕН СӨЗ МАГА ЖЕТТИ.
БИЗ АЛАРДЫ СҮЙЛӨТӨБҮЗ, АНАН ӨЛТҮРӨБҮЗ.
ТЫК-ТЫК
ТЫК-ТЫК
СЕНИН ҮЙҮҢӨ БҮГҮН КЕЧИНДЕ КЕЛГЕН КИШИЛЕРДИ БИЗГЕ ЧЫГАРЫП БЕР!
ООБА, МАГА БЕЙТААНЫШ КИШИЛЕР КЕЛИШКЕН. БИРОК АЛАРДЫН КАЙДАН КЕЛГЕНИН БИЛГЕН ЭМЕСМИН.
АЛАР КҮҮГҮМ КИРГЕНДЕ, ДАРБАЗА ЖАБЫЛАРДА КЕТИП КАЛЫШКАН. КАЙДА КЕТИШКЕНИН БИЛБЕЙМ, ТЕЗИРЭЭК АРТЫНАН КУУГУЛА, АЛАРДЫ КУУП ЖЕТЕСИҢЕР.
ТЕҢИР СИЛЕРДИН КӨЗ АЛДЫҢАРДА КЫЗЫЛ ДЕҢИЗДИН ОРТОСУН КУРГАТКАНЫН, ИОРДАНДЫН АРЫ ЖАГЫНДАГЫ АМОРЛУКТАРДЫ КАНДАЙ КЫЛЫП КЫЙРАТКАНЫҢАРДЫ УККАНБЫЗ.
СИЛЕРГЕ КАРШЫ ТУРУУГА ЭЧ КИМИБИЗ БАТЫНБАЙ КАЛДЫК, АНТКЕНИ СИЛЕРДИН КУДАЙ-ТЕҢИРИҢЕР ЖОГОРУДАГЫ АСМАНДЫН ДА, ТӨМӨНДӨГҮ ЖЕРДИН ДА КУДАЙЫ ЭКЕН.


ҮЙ-БҮЛӨМДҮН БАРДЫГЫН ТИРҮҮ КАЛТЫРЫП, ЖАНЫҢАРДЫ САКТАП КАЛАБЫЗ ДЕП, МАГА ИШЕНИМДҮҮ БЕЛГИ КАЛТЫРГЫЛА.
СИЛЕРДИН ОРДУҢАРГА БИЗДИН ЖАН КЫЙЫЛСЫН.
ЭГЕРДЕ СИЛЕР БУЛ ИШИБИЗДИ АЧПАСАҢАР, ТЕҢИР БИЗГЕ ЖЕРДИ БЕРГЕНДЕН КИЙИН, БИЗ САГА ЫРАЙЫМ ЖАНА АДИЛЕТТИК КЫЛАБЫЗ.
ТООГО БАРГЫЛА, СИЛЕРДИ КУБАЛАП КЕТКЕНДЕР КАЙРЫЛЫП КЕЛГИЧЕ, ОШОЛ ЖЕРДЕ ЖАШЫНА ТУРГУЛА.
БИЗ ШААРГА КИРГЕНДЕ БУЛ КЫЗЫЛ АРКАНДЫ ТЕРЕЗЕҢДЕН ТҮШҮРҮП КОЙ.
БУЛ ҮЙГӨ БАРДЫК ҮЙ-БҮЛӨ МҮЧӨЛӨРҮН ЧОГУЛТ. ЭГЕР БИРИ БУЛ ҮЙДӨН ТЫШКА ЧЫКСА, АНЫН ӨЗ КАНЫ ӨЗ МОЙНУНДА БОЛОТ.
МАКУЛ.



ЖАШЫЯ 2:12-23


КАЙТКАН ЧАЛГЫНЧЫЛАР БАШЧЫСЫНА БАРДЫГЫН АЙТЫП БЕРИШТИ.
ТЕҢИР АЛ ЖЕРДИН БААРЫН БИЗГЕ БЕРИПТИР, АЛ ЖЕРДЕ ЖАШАГАНДАРДЫН БААРЫ БИЗДЕН КОРКУП ЖАТЫШЫПТЫР.
ЖАШЫЯ ЭРТЕҢ МЕНЕН ЭРТЕ ТУРДУ. ЖАШЫЯ ЖАНА ЫСРАЙЫЛДЫН БАРДЫК УУЛДАРЫ ШИТИМДЕН ЧЫГЫП, ИОРДАНГА КЕЛИШТИ ДА, АНДАН ӨТПӨЙ, ОШОЛ ЖЕРДЕ ТҮНӨП КАЛЫШТЫ.
КУДАЙ-ТЕҢИРИҢЕРДИН КЕЛИШИМ САНДЫГЫН, САНДЫКТЫ КӨТӨРҮП БАРА ЖАТКАН ЫЙЫК КЫЗМАТ КЫЛУУЧУЛАРДЫ КӨРГӨНҮҢӨРДӨ, АЛАРДЫН АРТЫНАН ЖӨНӨГҮЛӨ.
КАЙСЫ ЖОЛ МЕНЕН БАРУУ КЕРЕК ЭКЕНИН БИЛИШИҢЕР ҮЧҮН, АЛАРГА ЖАКЫНДАБАГЫЛА, СИЛЕР БУЛ ЖОЛ МЕНЕН МУРУН БАСКАН ЭМЕССИҢЕР.
БИРОК СИЛЕР МЕНЕН АЛАРДЫН ОРТОСУНДАГЫ АРАЛЫК ЭКИ МИҢ ЧЫКАНАКТАЙ БОЛСУН.


ЫЙЫКТАЛГЫЛА, АНТКЕНИ ТЕҢИР ЭРТЕҢ СИЛЕРДИН АРАҢАРДА КЕРЕМЕТТЕРДИ КӨРСӨТӨТ.
...ЭЛ КУДАЙЫН КОЛУНДА ЖАКШЫ КУРАЛ БОЛУШУ ҮЧҮН, АЛГАЧ ЖҮРӨКТӨРҮ ТАЗАЛАНЫШЫ КЕРЕКТИГИН ЖАШЫЯ ЖАКШЫ БИЛЧҮ.
ЭРТЕСИ КҮНҮ...
КЕЛИШИМ САНДЫГЫН АЛЫП, ЭЛДИН АЛДЫНДА БАСКЫЛА.
ЫЙЫК КЫЗМАТ КЫЛУУЧУЛАР КЕЛИШИМ САНДЫГЫН КӨТӨРҮП, ЭЛДИН АЛДЫНДА УБАДАЛАНГАН ЖЕРДИ КАРАЙ БАСЫШТЫ.
МЕН МУСА МЕНЕН БОЛГОНДОЙ ЭЛЕ, СЕНИ МЕНЕН ДА БОЛОРУМДУ БИЛИШИ ҮЧҮН, БҮГҮНДӨН ТАРТЫП МЕН СЕНИ БАРДЫК ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫНЫН АЛДЫНДА ДАҢАЗАЛАЙ БАШТАЙМ.
СЕН БОЛСО КЕЛИШИМ САНДЫГЫН КӨТӨРҮП БАРА ЖАТКАН ЫЙЫК КЫЗМАТ КЫЛУУЧУЛАРГА МЫНДАЙ ДЕП БУЙРУК БЕР: ИОРДАНГА КИРЕРИҢЕР МЕНЕН, ИОРДАНДА ТОКТОП ТУРГУЛА.


БУЛ ЖАККА КЕЛГИЛЕ, КУДАЙ-ТЕҢИРИҢЕРД ИН СӨЗҮНӨ КУЛАК САЛГЫЛА.
БҮТ ЭЛДИ СИЛЕРДИН АЛДЫҢАРДАН КУУП ЧЫГА ТУРГАН ТИРҮҮ КУДАЙ АРАҢАРДА ЭКЕНИН МЫНДАН БИЛЕСИҢЕР:
БҮТ ЖЕРДИН ТЕҢИРИНИН КЕЛИШИМ САНДЫГЫ СИЛЕРДИН АЛДЫҢАРДА ИОРДАНДАН ӨТӨТ.
ЫСРАЙЫЛ УРУУЛАРЫНЫН ИЧИНЕН ОН ЭКИ КИШИ: АР БИР УРУУДАН БИРДЕН КИШИ АЛГЫЛА.
ЫЙЫК КЫЗМАТ КЫЛУУЧУЛАРДЫН ТАМАНЫ ИОРДАН СУУСУНА ТИЕРИ МЕНЕН, ИОРДАН СУУСУ ТАРТЫЛАТ.
ОШЕНТИП, КУДАЙ АЛАРДЫН АТАСЫ ЫБРАЙЫМГА БЕРГЕН УБАДАСЫН АТКАРЫП, ЭЛДИ АЛ ЖЕРГЕ ЖӨНӨТТҮ.


ЖАШЫЯГА АЙТКАН ТЕҢИРДИН СӨЗҮ ТУУРА БОЛУП ЧЫКТЫ. ЫСРАЙЫЛ ЭЛИ ИОРДАНГА ЖЕТЕРИ МЕНЕН СУУ ТАРТЫЛДЫ.



Жашыя 3:15


ЫЙЫК КЫЗМАТЧЫЛАР КЕЛИШИМ САНДЫГЫН КАРМАП ТУРГУЧА, ЫСРАЙЫЛ ЭЛИНИН БААРЫ СУУДАН ӨТҮШТҮ.
ТЕҢИР ЖАШЫЯГА ЭЛДЕН ОН ЭКИ КИШИНИ ТАНДАП АЛЫП, ИОРДАН СУУСУНУН ОРТОСУНАН АЛЫНГАН ТАШТАРДАН ЭСТЕЛИК ТУРГУЗУУСУН БУЙРУДУ.
КИЙИН БАЛДАРЫҢАР СИЛЕРДЕН: “БУЛ ТАШТАР ЭМНЕНИ БИЛДИРЕТ?” – ДЕП СУРАЙ ТУРГАН БОЛСО, АЛАРГА МЫНДАЙ ДЕП АЙТАСЫҢАР: “ТЕҢИРДИН КЕЛИШИМ САНДЫГЫНЫН АЛДЫНДА ИОРДАН СУУСУ ТЕҢ БӨЛҮНГӨН”.
ОШЕНТИП, БУЛ ТАШТАР ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫ ҮЧҮН ТҮБӨЛҮККӨ ЭСТЕЛИК БОЛОТ.
ОШОЛ КҮНҮ ТЕҢИР БҮТКҮЛ ЫСРАЙЫЛ ЭЛИНИН АЛДЫНДА ЖАШЫЯНЫ ДАҢАЗАЛАДЫ. ОШОНДОН ТАРТЫП, ЫСРАЙЫЛ ЭЛИ МУСАДАН АНЫН ӨМҮРҮ ӨТКӨНЧӨ КОРККОНДОЙ, ЖАШЫЯДАН ДА КОРКУП КАЛДЫ.

ЖАШЫЯ 4:1-14


ТЕҢИРДИН КЕЛИШИМ САНДЫГЫН КӨТӨРГӨН ЫЙЫК КЫЗМАТ КЫЛУУЧУЛАР ИОРДАНДАН ЧЫГЫП, ТАМАНДАРЫ ЖЕРГЕ ТИЕРИ МЕНЕН,
ИОРДАН СУУСУ ӨЗ НУГУНА ТҮШҮП, ЖЭЭКТЕРИНЕН АШЫП-ТАШЫП, МУРУНКУДАЙ АГА БАШТАДЫ.
КУДАЙ-ТЕҢИРИБИЗ БИЗДИ КУТКАРДЫ!
АНАН ЖАШЫЯ ЭЛ БАШЧЫЛАРЫНА АЙТКАНДАРЫН ЫСРАЙЫЛ ЭЛИНЕ АЙТЫП БЕРДИ.
КИЙИН БАЛДАРЫҢАР АТАЛАРЫНАН: “БУЛ ТАШТАР ЭМНЕНИ БИЛДИРЕТ?” – ДЕП СУРАП КАЛЫШСА.
“ЫСРАЙЫЛ ЭЛИ УШУЛ ИОРДАН ДАРЫЯСЫНАН, КУРГАК ЖЕР МЕНЕН ӨТКӨН”, – ДЕП АЙТКЫЛА.
БУЛ КАБАР ЖАКЫН АЙЛАНАДАГЫ БАРДЫК ПАДЫШАЛАРГА ЖЕТТИ.
МЕНИН ЧАЛГЫНЧЫЛАРЫМ ӨЗ КӨЗҮ МЕНЕН КӨРҮШҮПТҮР. АЛАР СУУДАН ЧЫГАРЫ МЕНЕН ИОРДАН ТАРТЫЛЫПТЫР.
ЫСРАЙЫЛДЫКТАРДЫН КУДАЙЫ ЧОҢ СЫЙКЫРГА ЭЭ ЭКЕН. МЫНДАЙДЫ БИЗ БУГА ЧЕЙИН ЭЧ КАЧАН КӨРГӨН ЭМЕСПИЗ.


КУДАЙДЫН ӨЗ ЭЛИН УБАДАЛАГАН ЖЕРИНЕ КИРГИЗҮҮ ҮЧҮН ДАГЫ БИР БУЙРУК БЕРДИ....
ТАШ БЫЧАКТАРДЫ ЖАСАП, ЧӨЛДӨ ТУУЛГАН ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫН СҮННӨТКӨ ОТУРГУЗ.
БИЗ ТЕҢИРДИН ОСУЯТТАРЫНА БАШ ИЙИШИБИЗ КЕРЕК.
АНДАН СОҢ ЫСРАЙЫЛ ЭЛИ ЖАҢЫ ЖЕРДЕ БИРИНЧИ ПАСАХ МАЙРАМЫН ӨТКӨЗДҮ...
.... АЛАР БУЛ ЖЕРДИН ЖЕМИШТЕРИНЕН ЖЕЙ БАШТАГАНДАН ТАРТЫП, АСМАНДАН МАННА ТҮШПӨЙ КАЛДЫ.
ЖАШЫЯ АСКЕРЛЕРИ МЕНЕН ЖЕРИХОНУ КӨЗДӨЙ ЖӨНӨШКӨНДӨ КУДАЙ АЛАРГА ДАГЫ БИР НЕРСЕ ЖИБЕРДИ...
БИЗДИН КИШИСИҢБИ ЖЕ ДУШМАНДАРЫБЫЗДАНСЫҢБЫ?
МЕНИН МЫРЗАМ ӨЗ КУЛУНА ЭМНЕ ДЕЙТ?
БУТУҢДАГЫ БУТ КИЙИМИҢДИ ЧЕЧ, АНТКЕНИ СЕН ТУРГАН ЖЕР ЫЙЫК.

ЖАШЫЯ 5:2-15


ЫСРАЙЫЛДЫКТАРДАН КОРККОНДУКТАН, ЖЕРИХО ШААРЫ ЖАБЫК БОЛЧУ.
НЕГИЗИНЕН ШААР КЫЙРАГЫС КӨРҮНЧҮ. АНЫН ЭКИ КАЛЫҢ ДУБАЛЫ БАР ЭЛЕ. ТЫШКЫ ДУБАЛЫ ЭКИ МЕТР, ИЧКИ ДУБАЛЫ ТӨРТ МЕТРДЕЙ КАЛЫҢДЫКТА.
АНЫН ҮСТҮНӨ, ШААР БИЙИКТИКТЕ ЖАЙГАШКАНДЫКТАН, КОЛ САЛГАНДАР УТУЛУП КАЛМАК.
БИРОК КУДАЙ ӨЗ БАШЧЫСЫНА ТАК БУЙРУК БЕРДИ.
МЫНА, МЕН ЖЕРИХОНУ, АНЫН ПАДЫШАСЫН ЖАНА АНДАГЫ ЭҢ КҮЧТҮҮ АДАМДАРДЫ СЕНИН КОЛУҢА САЛЫП БЕРИП ЖАТАМ.
СОГУШКА ЖАРАКТУУЛАРДЫН БАРДЫГЫ ШААРДЫ КУРЧАП, АНЫ КҮНҮНӨ БИР ЖОЛУ АЙЛАНЫП ЧЫККЫЛА.



ЖАШЫЯ 6:1-4


АЛТЫ КҮН ОШЕНТКИЛЕ.
КУДАЙ АЛАРГА ТАК БУЙРУК БЕРДИ…
Жети ыйык кызмат кылуучу кочкордун мүйүзүнөн жасалган жети сурнайын келишим сандыгынын алдында алып жүрсүн.
ЖАШЫЯ АЛАРГА КОШУМЧА БУЙРУК БЕРДИ.
СОГУШ УРААНДАРЫН КЫЙКЫРБА-ГЫЛА...
-- КЫЙКЫРБАГЫЛА, ҮНҮҢӨРДҮ ЭЧ КИМ УКПАСЫН.
-- МЕН СИЛЕРГЕ “КЫЙКЫРГЫЛА!” ДЕМЕЙИНЧЕ, ООЗУҢАРДАН СӨЗ ЧЫКПАСЫН.
МҮЙҮЗДӨН ЖАСАЛГАН ЖЕТИ СУРНАЙДЫ КӨТӨРҮП ЖЕТИ КҮН БОЮ АЙЛАНЫП ЧЫККЫЛА.

ЖАШЫЯ 6:3-10


ЖЕТИНЧИ КҮНҮ ЫСРАЙЫЛ ЭЛИ ТАҢ АТАРЫ МЕНЕН ТУРУШУП, ШААРДЫ ТАК ОШОНДОЙ ЭЛЕ ЖЕТИ АЙЛАНЫП ЧЫГЫШТЫ.
СУРНАЙЛАРЫН ЖЕТИНЧИ ЖОЛУ ТАРТЫШКАНДА, ЖАШЫЯ БУЙРУК БЕРДИ...


КЫЙКЫРГЫЛА!
АНТКЕНИ ТЕҢИР ШААРДЫ СИЛЕРГЕ БЕРДИ!
ШААРДАГЫН ЫН БААРЫ ТЕҢИРДИКИ.
* АРХЕОЛОГИЯЛЫК КЫСТЫРМА –
БЕЛГИЛҮҮ АРХЕОЛОГ ЖОН ГАРСТАНГ ТАРАБЫНАН ЖЕРИХО КАЗЫЛГАНДА, ШААР ТЫШКА КУЛАГАНЫН КӨРҮШКӨН. ЭГЕР АСКЕРЛЕР ТЫШТАН ТҮРТҮП КУЛАТКАНДА, УРАНДЫ ИЧКЕ КАРАЙ ЖЫГЫЛМАК. ДЕМЕК, КУДАЙ ЧЫНЫНДА ШААРДЫ КУЛАТКАН.






ЖАШЫЯ 6:17-25, ЕВРЕЙЛЕР11:31, ЖАКЫП 2:24-26


ЖАКЫН АРАДА ТУРГАН ШААР АЙ ДЕП АТАЛЧУ.
ЖАШЫЯ АЛ ЖАККА ҮЧ МИҢГЕ ЖАКЫН КИШИ ГАНА ЖИБЕРГЕН...БИРОК ЖЫЙЫНТЫГЫ АЛАР КҮТКӨНДӨН БАШКАЧА БОЛУП ЧЫКТЫ.
АЙДЫН ТУРГУНДАРЫ АЛАРДЫН ОТУЗ АЛТЫ КИШИСИН ӨЛТҮРҮП, САЯ КУУП ЖЕТИП, ТАЛКАЛАШТЫ.
ОШОНДО ЭЛДИН ҮМҮТҮ ҮЗҮЛҮП, КӨҢҮЛҮ ЧӨКТҮ. ЖАШЫЯ ТЕҢИР САНДЫГЫНЫН АЛДЫНА КӨМКӨРӨСҮНӨН КУЛАП, КЕЧКЕ ЧЕЙИН ЖАТТЫ.
ЫСРАЙЫЛ АКСАКАЛДАРЫ ДА УШУНДАЙ КЫЛЫШТЫ.
ТУР, ЭМНЕ ҮЧҮН ЖҮЗТӨМӨНДӨП ЖЫГЫЛДЫҢ?
ЫСРАЙЫЛ КҮНӨӨ КЫЛДЫ. АЛАРГА БЕРГЕН МЕНИН КЕЛИШИМИМДИ БУЗУШТУ.
КАРГЫШКА КАЛГАН НЕРСЕЛЕРДЕН УУРДАП, ЖАШЫРЫП, ӨЗ БУЮМДАРЫНЫН АРАСЫНА КАТЫП АЛЫШТЫ. ЭГЕРДЕ АРАҢАРДАГЫ КАРГЫШКА КАЛГАНДАРДЫ ЖОК КЫЛБАСАҢАР, МЕН СИЛЕР МЕНЕН МЫНДАН АРЫ БОЛБОЙМ.
АГА ЧЕЙИН КАС ДУШМАНДАРЫҢА ТУРУШТУК БЕРЕ АЛБАЙСЫҢАР.


ЭРТЕСИ ЭРТЕҢ МЕНЕН ЖАШЫЯ КУДАЙДЫН АЙТКАНЫНДАЙ, ТЕҢИР КӨРСӨТКӨН ТУКУМ ҮЙ-БҮЛӨ БОЛУП КЕЛИП ЖАТТЫ.
ТУКУМ-ТУКУМ..АНДАН СОҢ ҮЙ-БҮЛӨ-ҮЙ-БҮЛӨ БОЛУП...АНДАН СОҢ БИРДЕН БИР КИШИ КЕЛИП ЖАТТЫ...
УУЛУМ! ТЕҢИРДИ, ЫСРАЙЫЛДЫН КУДАЙЫН ДАҢАЗАЛА.
АНЫН АЛДЫНДА КҮНӨӨҢДҮ МОЙНУҢА АЛ, АНАН ЭМНЕ КЫЛГАНЫҢДЫ МАГА АЙТ, МЕНДЕН ЖАШЫРБА.
ТЕҢИРДИН АЛДЫНДА КҮНӨӨГӨ БАТКАНЫМ ЧЫН...
ОЛЖОЛОРДУН АРАСЫНАН БИР ЖАКШЫНАКАЙ ШИНАР КИЙИМИН, ЭКИ ЖҮЗ КҮМҮШ ШЕКЕЛДИ, САЛМАГЫ ЭЛҮҮ ШЕКЕЛ УЮТУЛГАН АЛТЫНДЫ КӨРДҮМ. АЛАР МАГА ЖАГЫП КАЛДЫ, ОШОНДУКТАН МЕН АЛАРДЫ АЛДЫМ.
КИШИЛЕР ЧАТЫРГА ЖЕТИП БАРЫП, УУРДАЛГАН БУЮМДАРДЫ ЧАТЫРДАН АЛЫП ЧЫГЫП, ЖАШЫЯГА АЛЫП КЕЛИШТИ.
ЖАШЫЯ МЕНЕН БАРДЫК ЫСРАЙЫЛДЫКТАР АХАНДЫ КҮМҮШҮ, КИЙИМИ, УЮТУЛГАН АЛТЫНЫ, БАЛДАРЫ ЖАНА КЫЗДАРЫ, БАРДЫК БУЮМ-ТАЙЫМДАРЫ МЕНЕН АКОЙАК (“БАЛЭЭ”) ӨРӨӨНҮНӨ АЛЫП ЧЫГЫШТЫ.
БҮТ ЫСРАЙЫЛДЫКТАР АЛАРДЫ ТАШ БАРАҢГА АЛЫШТЫ ДА, АЛАРДЫ ОТКО ӨРТТӨП ЖИБЕРИШТИ.
АЛАРДЫН ҮСТҮ-ҮСТҮНӨ ТАШ ЫРГЫТЫШТЫ. ТАШТАР ҮЙҮЛҮП, ДӨБӨ БОЛДУ. ОШОНДОН КИЙИН ТЕҢИРДИН КАЙНАГАН КААРЫ ТОКТОДУ.


БУЛ ИРЭЭТ КУДАЙ ЖАШЫЯГА БАШКА БИР СОГУШ ПЛАНЫН БЕРДИ.
АСКЕРЛЕРДИН АЙРЫМДАРЫ БУКТУРМАДА БОЛУП, КАЛГАНЫ ШААРДЫН ИЧИНЕ КЕТИШТИ.
ЖАШЫЯ ЭР ЖҮРӨК 30 000 МИҢ АДАМДЫ ТАНДАП, АЛАРДЫ ТҮН ИЧИНДЕ ЖӨНӨТТҮ.
ЭРТЕСИ КҮНҮ АЙДЫН ПАДЫШАСЫ АСКЕРЛЕРИНИН БААРЫН СОГУШ МАЙДАНЫНА ЖӨНӨТТҮ.
МУРДАГЫДАЙ АЛАРДЫ КЫРЫП САЛГЫЛА.
ЕВРЕЙ КУЛДАРЫНА ЖАКШЫ БИР САБАК БЕРИП КОЙГУЛА. МИСИРГЕ ЧЕЙИН КАЧЫП, КАЙРА КЕЛБЕГИДЕЙ БОЛУШСУН!
ЫСРАЙЫЛДЫКТАР МУРДАГЫ ЖОЛКУСУНДАЙ АРТКА КАЧА БАШТАШТЫ.
КАРАСАҢАР, АЛАР КАЙРАДАН КАЧЫП ЖАТЫШАТ.
ТЕЗИНЕН, КУУП ЖЕТКИЛЕ! БААРЫН КЫРЫП САЛГЫЛА!
БИРОК АЙДЫН АСКЕРЛЕРИ ЫСРАЙЫЛДЫКТАРЫ ШААРДЫН СЫРТЫНА ЧЕЙИН КУУП БАРГЫЧА, БУКТУРМАДА ЖАТКАНДАР ДАРОО ОРДУЛАРЫНАН ТУРУШУП, ШААРГА ЧУРКАШТЫ.


КАЧКАН ЫСРАЙЫЛДЫКТАР КАЙТЫП КЕЛИШТИ. ОРТОДО КАЛГАН АЙДЫН АСКЕРЛЕРИ ТОЛУГУ МЕНЕН ОШОЛ КҮНҮ КЫРЫЛЫШТЫ.
ТУТКУНГА ТҮШТҮК...
КАЙТКЫЛА – АТАКА КЫЛГЫЛА!
ЫСРАЙЫЛДЫКТАР БАРДЫГЫН КЫЛЫЧ МИЗИНЕ АЛЫШТЫ. ТЕҢИРДИН ЖАШЫЯГА АЙТКАН СӨЗҮ БОЮНЧА ШААРДЫН МАЛЫ МЕНЕН ОЛЖОСУН ГАНА БӨЛҮП АЛЫШТЫ.
ЖАШЫЯ АЙ ШААРЫН ӨРТТӨШТҮ. АЙ ПАДЫШАСЫН БОЛСО ДАРАККА АСЫП КОЙДУ, АНДАН СОҢ ШААР ДАРБАЗАСЫНЫН АЛДЫНА ТАШТАП, ҮСТҮНӨ ТАШ ЫРГЫТЫП, ДӨБӨ КЫЛЫП ҮЙҮШТҮ.
АНДАН СОҢ ЖАШЫЯ ЭЛИН ӨРГҮҮГӨ ЖАНА ТАБЫНУУГА АЛЫП БАРДЫ.
МУСАНЫН МЫЙЗАМЫНДА КӨРСӨТҮЛГӨНДӨЙ, ЖАШЫЯ ТЕҢИРГЕ АРНАП, ЭЙБАЛ ТООСУНА КУРМАНДЫК ЧАЛЫНУУЧУ ЖАЙ КУРДУ.
БУЛ НЕРСЕ ТАБЫНУУ ЖӨНӨКӨЙ БОЛУШУ КЕРЕКТИГИН ЭСКЕРТҮҮ ЭЛЕ.
ЖАШЫЯ МЫЙЗАМ КИТЕПТЕ ЖАЗЫЛГАН МЫЙЗАМ СӨЗДӨРҮН, БАТА МЕНЕН КАРГЫШТЫ ОКУДУ. МУСАНЫН МЫЙЗАМ КИТЕБИНИН БААРЫН ОКУДУ.



ЖАШЫЯ 8:18-35


ЫСРАЙЫЛДЫКТАРДЫН ЖЕҢИШИН УККАН СОҢ ИОРДАНДЫН АРКЫ ӨЙҮЗҮНДӨГҮ ПАДЫШАЛАР БИРИГЕ БАШТАШТЫ.
БИРӨӨЛӨРҮНДӨ БАШКА БИР ПЛАН БАР ЭЛЕ...
СИЛЕР КИМСИҢЕР, КАЙДАН КЕЛДИҢЕР?
КУДАЙ-ТЕҢИРДИН ЫСЫМЫ ҮЧҮН ЭҢ АЛЫСКЫ ӨЛКӨДӨН КЕЛДИК, АНТКЕНИ БИЗ АНЫН ДАҢКЫ ЖӨНҮНДӨ УКТУК.
СЕБЕТТЕРИ МЕНЕН АЗЫК-ТҮЛҮКТӨРҮН ТЕКШЕРГИЛЕ.
БАЛКИМ СИЛЕР КОШУНАБЫЗ БОЛУШУҢАР МҮМКҮН. КАНТИП СИЛЕР МЕНЕН БИРИГЕ АЛАБЫЗ?
ЫСРАЙЫЛДЫКТАР АЛАРДЫН КОЛУНДАГЫ НАНДЫ АЛЫШТЫ, БИРОК ЧОҢ КАТА КЕТИРИШТИ. АЛАР ТЕҢИРДИН ЭРКИН СУРАШКАН ЖОК.
ЫСРАЙЫЛДЫКТАРДЫН АЛАР МЕНЕН ТЫНЧТЫК КЕЛИШИМИН ТҮЗГӨНҮНӨ ҮЧ КҮН БОЛГОНДОН КИЙИН, АЛАР ЖАКЫН ЭЛЕ ЖЕРДЕ ЖАШАРЫН УГУШТУ. АЛАРДА БУЛ ЭЛДИ БАСЫП АЛУУ МАКСАТЫ БАР ЭЛЕ.
ЖАШЫЯ АНТТЫ БУЗА АЛБАЙТ БОЛЧУ, АНТКЕНИ ТЕҢИРДИН КААРЫНА КАЛЫШМАК...
...ОШЕНТИП КОШУНА ЭЛДИ ӨЛТҮРБӨЙ, КУДАЙДЫН КУРМАНДЫК ЧАЛЫНУУЧУ ЖАЙЫНА ОТУН ЖАРГЫЧ, СУУ ТАШЫГЫЧ КЫЛЫП ДАЙЫНДАДЫ.


БИРОК ГИБОНДО ЖАШАГАН ЭЛ ЫСРАЙЫЛ МЕНЕН ТЫНЧТЫК КЕЛИШИМИН ТҮЗГӨНҮ БАШКА ПАДЫШАЛАРГА ЖАККАН ЖОК.
ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫ МЕНЕН ТЫНЧТЫК КЕЛИШИМИН ТҮЗГӨНДҮГҮ ҮЧҮН, МАГА КЕЛИП, ГИБОНДУ ТАЛКАЛАП САЛУУГА ЖАРДАМ БЕРГИЛЕ.
АМОРЛУКТАРДЫН БЕШ ПАДЫШАСЫ ЧОГУЛУП АЛЫП ГИБОНДУКТАР МЕНЕН СОГУШУУ ҮЧҮН ЖӨНӨШТҮ.
ЖАШЫЯГА КАБАР БЕРГИЛЕ, БИЗДИ КУТКАРСЫН.
АМОРЛУКТАРДЫН БАРДЫК ПАДЫШАЛАРЫ БИЗГЕ КАРШЫ ЧЫГЫШТЫ.
ТЕЗИНЕН ЭҢ МЫКТЫ АСКЕРЛЕРДИ ЧОГУЛТКУЛА, ГИБОНГО АЗЫР ЧЫГАБЫЗ.
АЛАРДАН КОРКПО.
МЕН АЛАРДЫ СЕНИН КОЛУҢА САЛЫП БЕРДИМ.
САГА ЭЧ КИМ ТУРУШТУК БЕРЕ АЛБАЙТ.
САГА ЭЧ КИМ ТУРУШТУК БЕРЕ АЛБАЙТ.


ЫСРАЙЫЛ АСКЕРЛЕРИ ТҮНҮ БОЮ ЖОЛ ЖҮРҮШТҮ.
АМОРЛУКТАРДЫН АСКЕРЛЕРИ ДҮРБӨЛӨҢГӨ ТҮШҮШТҮ.
АМОРЛУКТАРДЫН АСКЕРЛЕРИ ДҮРБӨЛӨҢГӨ ТҮШҮШТҮ.
ТҮНҮ БОЮ ЖОЛ ЖҮРҮШКӨН ОКШОЙТ!
БЕШ БАШКА АМОРЛУКТАРДЫН АРМИЯСЫН ТЕҢИР ДҮРБӨЛӨҢГӨ САЛГАН ЭЛЕ. АЛАР ЖАКЫНГЫ ШААРКА КАЧЫП БАРАТКАНДА...
АААAA! ЧОҢ МӨНДҮР!
БИР ГАНА ЫСРАЙЫЛДЫКТАР ДЫН КУДАЙЫ МЫНДАЙ КЫЛА АЛАТ.
МӨНДҮРДҮН КӨЛӨМҮ АБДАН ЧОҢ ЭЛЕ.
ЫСРАЙЫЛДЫКТАРДЫН КЫЛЫЧЫНАН КЫРЫЛГАНДАРГА КАРАГАНДА, МӨНДҮР ТАШТАН КЫРЫЛГАНДАР КӨП БОЛДУ.


ТЕҢИР АМОРЛУКТАРДЫ ЫСРАЙЫЛДЫКТАРДЫН КОЛУНА САЛЫП БЕРИП, АЛАРДЫ ГИБОНДО ТАЛКАЛАГАН КҮНҮ, ЖАШЫЯ ЫСРАЙЫЛДЫКТАРДЫН КӨЗҮНЧӨ ТЕҢИРГЕ МЫНДАЙ ДЕП КАЙРЫЛДЫ:


КҮН, ГИБОНДУН ҮСТҮНӨ ТОКТО.
АЙ, АЙАЛОН ӨРӨӨНҮНҮН ҮСТҮНӨ ТОКТО!
ОШОНДО КУДАЙ СЫЙЫНУУНУ УГУП, ЭЛ КАС ДУШМАНДАРЫНАН ӨЧ АЛГЫЧА КҮН ТОКТОП, АЙ ТӨБӨДӨ ТУРДУ.
ТЕҢИР АДАМДЫН ҮНҮН УШУНЧАЛЫК УККАН МЫНДАЙ КҮН МУРДА ДА, КИЙИН ДА БОЛГОН ЭМЕС.


ЖЕҢИШТЕН КИЙИН ЖАШЫЯ ЖАНА АНЫ ЭЭРЧИГЕН БҮТ ЫСРАЙЫЛ ЭЛИ ГИЛГАЛГА, СТАНГА КАЙТЫП КЕЛИШТИ.
ТИГИЛ БЕШ ПАДЫША БОЛСО КАЧЫП БАРЫП, МАКЕТТЕГИ ҮҢКҮРГӨ ЖАШЫНДЫ.
ТИГИЛ БЕШ ПАДЫША БОЛСО КАЧЫП БАРЫП, МАКЕТТЕГИ ҮҢКҮРГӨ ЖАШЫНДЫ.
ЧОҢ-ЧОҢ ТАШТАРДЫ ТОГОЛОТУП КЕЛИП, ҮҢКҮРДҮН ООЗУН БҮТӨГҮЛӨ ДА, КАЙТАРГАНГА КИШИЛЕРДИ КОЙГУЛА.
ПАДЫШАЛАРДЫ МАГА АЛЫП КЕЛГИЛЕ.
КОРКПОГУЛА, ҮРӨЙҮҢӨРДҮ УЧУРБАГЫЛА.
БЕКЕМ, КАЙРАТТУУ БОЛГУЛА, АНТКЕНИ СИЛЕР МЕНЕН СОГУША ТУРГАН БАРДЫК КАС ДУШМАНЫҢАРДЫ ТЕҢИР УШУНДАЙ КЫЛАТ.
КУДАЙДЫН СӨЗҮ НУНДУН УУЛУ ЖАШЫЯ АРКЫЛУУ АТКАРЫЛДЫ.
БИР НЕЧЕ ЖЫЛДЫН ИЧИНДЕ ЖАШЫЯ БАШТАГАН ЫСРАЙЫЛ АСКЕРЛЕРИ ТҮШТҮК КАНААН ШААРЛАРЫН БАСЫП АЛЫШТЫ.
МЫНДАН ТЫШКАРЫ, АЛАР ТҮНДҮК ПАДЫШАЛАРДЫ ЖЕҢИП, ШААРЛАРЫН БАСЫП АЛЫШТЫ.


СЕН АЯБАЙ КАРЫДЫҢ, БИРОК ЭЭЛЕП АЛА ТУРГАН ЖЕРЛЕР АЛИ ӨТӨ КӨП.
КУДАЙ ЖАШЫЯГА ЭЭЛЕП АЛА ТУРГАН ЖЕРЛЕРДИ САНАП ӨТТҮ.
АНДАН СОҢ НУНДУН УУЛУ ЖАШЫЯ ЖАНА АКСАКАЛДАР ИОРДАН СУУСУНУН ЧЫГЫШ ТАРАБЫНДАГЫ ЖЕРЛЕРДИ 9,5 УУРУНУН ОРТОСУНДА БӨЛҮШТҮРҮШТҮ.






ЖАШЫЯ 14:1 - 21:45


ЧЫГЫШТАГЫ ЭКИ ЖАРЫМ УРУУ БИР ТУУГАНДАРЫНА ЖАРДАМ БЕРИП, МИЛДЕТИН АТКАРГАН СОҢ ЖЕРИНЕ КАЙТА БАШТАШТЫ.
БИРОК АЛАР ИОРДАН СУУСУНУН ЖЭЭГИНЕ АЛЫСТАН КАРАГАНДА ЭЛЕ КӨРҮНӨ ТУРГАН, ЧОҢ КУРМАНДЫК ЧАЛЫНУУЧУ ЖАЙ КУРУШТУ.
СОГУШКА АСКЕРЛЕРДИ ДАЯРДАГЫЛА. БИЗ ӨЗ БИР ТУУГАНДАРЫБЫЗГА КАРШЫ БАРАБЫЗ.
ЭМНЕ СЕБЕПТЕН?
АЛАРТЕҢИРДЕН ЧЕТТЕП, ӨЗДӨРҮНӨ КУРМАНДЫК ЧАЛЫНУУЧУ ЖАЙ КУРУП, ТЕҢИРГЕ КАРШЫ ЧЫГЫП ЖАТЫШАТ.
БИЗДИН ЭЛГЕ КАЙРАДАН КУДАЙДЫН КААРЫН АЛЫП КЕЛИШЕТ.
АЛАРДЫ АШКЕРЕЛӨӨ ҮЧҮН ЫЙЫК КЫЗМАТ КЫЛУУЧУ ПИНЕХАС ЖӨНӨТҮЛДҮ.
БУЛ ЭМНЕ КЫЛГАНЫҢАР?
КУДАЙДАН ЭМНЕ МЫНЧА ЭРТЕ БАШ ТАРТТЫҢАР?
БИЗ КУДАЙДАН ЭЧ КАЧАН БАШ ТАРТПАЙБЫЗ!
КИЙИН СИЛЕРДИН БАЛДАРЫҢАР БИЗДИН БАЛДАРЫБЫЗГА: “ЫСРАЙЫЛДЫН КУДАЙ-ТЕҢИРИ МЕНЕН СИЛЕРДИН ЖАЛПЫЛЫГЫҢАР ЖОК” ДЕП АЙТПАШЫ ҮЧҮН КУРДУК.
ТЕҢИР БИЗДИН АРАБЫЗДА ЭКЕНИН, СИЛЕР ТЕҢИРДИН АЛДЫНДА БУЛ КҮНӨӨНҮ КЫЛБАГАНЫҢАРДЫ БҮГҮН БИЛДИК.
ОШЕНТИП, ЧЫГЫШТАГЫ ЭКИ ЖАРЫМ УУРУ ТЫНЧТЫК МЕНЕН ӨЗҮНҮН ЭНЧИЛЕНГЕН ЖЕРИНЕ, ИОРДАН ДАРЫЯСЫНЫН АРКЫ ӨЙҮЗҮНӨ КАЙТЫШТЫ.


ЖАШЫЯ ЫСРАЙЫЛДЫН БҮТ ЖАМААТЫН АКЫРКЫ СӨЗҮ ҮЧҮН ЧАКЫРДЫ.
АЛ ЫСРАЙЫЛДЫКТАРДЫ КУДАЙ МИСИРДЕГИ КУЛЧУЛУКТАН БОШОТУП, УБАДАЛАНГАН ЖЕРГЕ АЛЫП КИРҮҮ ҮЧҮН ЭМНЕ КЫЛГАНЫН ЭСКЕ САЛДЫ.
ЭМИ КУДАЙ-ТЕҢИРИБИЗДЕН КОРКУП, АГА ЧЫН ЖҮРӨКТӨН, АК ДИЛДЕН КЫЗМАТ КЫЛГЫЛА.
ЭГЕРДЕ КУДАЙГА КЫЗМАТ КЫЛГЫҢАР КЕЛБЕСЕ, АНДА КИМГЕ КЫЗМАТ КЫЛУУНУ АЗЫРТАДАН ТАНДАП АЛГЫЛА.
БИРОК МЕН ЖАНА МЕНИН ҮЙ-БҮЛӨМ БОЛСО ТЕҢИРГЕ КЫЗМАТ КЫЛАБЫЗ.
ЖОК, АНДАЙ БОЛБОЙТ, ТЕҢИРДИ ТАШТАП, БАШКА КУДАЙЛАРГА КЫЗМАТ КЫЛБАЙБЫЗ!
БИЗ ДА ТЕҢИРГЕ КЫЗМАТ КЫЛАБЫЗ, АНТКЕНИ АЛ БИЗДИН КУДАЙЫБЫЗ.
ЖАШЫЯ БУЛ СӨЗДӨРДҮ КУДАЙДЫН МЫЙЗАМ КИТЕБИНЕ ЖАЗДЫ.
МЫНА БУЛ ТАШ БИЗГЕ КҮБӨ БОЛОТ, АНТКЕНИ АЛ ТЕҢИРДИН БИЗГЕ АЙТКАН СӨЗДӨРҮНҮН БААРЫН УКТУ.
ЭГЕРДЕ КУДАЙЫҢАРДАН БАШ ТАРТСАҢАР, АЛ СИЛЕРГЕ КАРШЫ КҮБӨ БОЛОТ.
ТЕҢИРДИН КУЛУ НУНДУН УУЛУ ЖАШЫЯ 110 ЖАШКА ЧЫГЫП КӨЗ ЖУМУП, ӨЗ ТУКУМДАРЫ ЖАШАГАН ЖЕРГЕ КОЮЛДУ.

"THE BIBLE EXPLAINED IN EVERY LANGUAGE."













**SUPERBIBLE.TV**